УДК: 811.512.154

Исакова С.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

*Бул макалада окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүдө үч этап негизги этап катары каралат. Ошону менен катар, сабаттуулукка үйрөтүү мезгилиндеги сабактар балага билим берүү менен гана чектелбестен, тарбия берүүдөгү ролу да өтө зор экендиги факты-материалдар менен таасын чагылдырылат.*

Кыргыз тилин окутууда окуучулардын кызыгуусун канткенде арттырабыз деген маселени карай турган болсок, төмөнкүдөй үч мезгилди эсепке алуу керек.

1-класста эне тилин окутуу сабат ачуу жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү деп аталып, үч этапта жүргүзүлөт, алар: алиппеге чейинки, алиппе мезгили жана алиппеден кийинки мезгил деп аталат.

**Алиппеге чейинки мезгилде** негизги көңүл балдардын оозеки кебин өстүрүүгө арналат жана бүтүндөй иш-аракеттер оозеки түрдө жүргүзүлөт. Буюмдун атын айтып же айтылганды туура угуп, аны туура кайталап айтуу менен, көрө билүүгө, уга билүүгө, туура айта билүүгө көнүктүрүлөт. Андыктан, максатка ылайык, бул этап: ***КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ*** деген аталыш менен ачылат.

Мындай аталыш буюмдардын, нерселердин сүрөтүн көрүп, атын атоо, же мугалимдин айтканын угуп, кайталап туура айта билүү ишмердүүлүктөрүн өзүнө камтыйт. Демек, мындагы бардык иш-аракеттер баланын чөйрөнү таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн өстүрүү максатын алдыга коөт.

Кеп ишмердүүлүктөрүнүн багыттары катары төмөндөгүдөй иш-аракеттер аткарылат:

***Угуу.*** Алгачкы күндөрдөгү мугалимдердин сөзү бала үчүн багыт берүүчү, үйрөтүүчү жана калыптандыруучу негизги милдеттерди өзүнө алат. Ошондуктан баланын туура угуп, кабыл алуусунун мааниси чоң. Балдар предметтердин атын, алардын кыймыл-аракеттерининин аталышын айтып жаткандагы добуштан жаралган тыбыштардын угулушун, ал тыбыштардын түрүн, окшоштуктарын салыштырып кабыл алышат, тыбыштарды балдар канчалык туура угуп, туура кабыл алышса, алардын өздөштүрүүсү, так, туура болору практикада белгилүү. Мындан сырткары, мугалимдин сүйлөө дикциясы, сөздөрдү муунга бөлүп айтуусу, үн кубултуп көрктүү сүйлөөсү зор мааниге ээ.

***Сүйлөө***. Сүйлөө ишмердүүлүгү угуу ишмердүүлүгүнөн кийинки практикалык этап. Ал эки багытта өнүгөт:

**а) Маек кеби:** Кептин бул түрү адегенде мугалим менен окуучунун ортосунда башталат. Анда предметтердин атын атап, алардын кайсы жерде турганын, кандай, канча экендигин жана эмне кылып жатканын суроо-жооп түрүндө талдап, таанып-билүү иш-аракеттери жүргүзүлөт.

***б) Монологдук кеп:*** Маек кеби балдардын өз алдынча сүйлөөсүнө даярдоо этабы болуп кызмат кылса, бул этапка окуучу айлана-чөйрөдөн көргөн билгендерин, предметтик, сюжеттик сүрөттөрдү, тыбыштарды өз алдынча талдоо түрүндө жана шарттуу-графикалык ыкманы колдонуу менен оозеки айтып берүүгө көнүгүшөт.

Мында мугалим окуучунун лексикалык ой-жүгүртүүсүнүн өсүшүнө, оюн байланыштуу кылып жеткире айтып берүүсүнө өзгөчө көңүл бөлөт. Окуучулар эки, андан көп сөздөрдөн сөз тизмектерин жана сүйлөмдөрдү түзүп сүйлөп беришет. Оозеки тексттердин көлөмү, сөз каражаттары стилдик түзүлүшү, мазмуну окуу материалдарына жана балдардын жетишүүсүнө жараша күн санап байып отурат.

***Алиппе мезгили:*** Окуу, таануу, жазуу ишмердүүлүктөрдү өстүрүүчү жана калыптандыруучу этап. Ал мезгилде буга чейинки жүргүзүлүп келген бүткүл иш-аракеттер өркүндөтүлөт жана ага окуу, жазуу иш-аракеттери кошулат.

Ошого ылайык, бул этап максаттуу түрдө: *КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ, ОКУЙБУЗ* жана *ЖАЗАБЫЗ* деген атоо менен ачылат жана ага ылайык комплекстүү таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнө калыптандыруу башталат.

Алиппе мезгилинде окуучулар ээ болуучу негизги компетенциялар:

- тыбыштын аталышын, анын артикуляциялык белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын таанып- билишет, үндүн узундугу боюнча талдап үйрөнүшөт;
- тыбышты таанып-билүүгө берилген предметтик жана кырдаалдык сүрөттөр боюнча маек, монолог түрүндө оозеки сүйлөп беришет;
- тамгалардын графикалык белгилерин, алгачкы орфографиялык, орфоэпиялык эрежелерди, тактап айтканда, тамганы каллиграфиялык белгилерине ылайык туура жазууну, туура айтууну, тамга менен тамгалардын туура уланып жазылышын үйрөнүшөт. Сөздөрдүн муундарга бөлүнүшүн, алардын бирге же айрым-айрым жазылышын өздөштүрөт. Айтылган ой бүткөндө, ал сүйлөм болорун, атайын белги (чекит, суроо, илеп) коюларын билишет. Жазуу ишин окуу иши менен айкаштырышат. Окуучулар сабат ачуу ишин аң-сезимдүү түрдө сезип-туюу менен ишке ашырышат, ой жүгүртүүлөрү да өсүп, ырааттуулукка салынат.

Эне тили аркылуу элдин духун кабыл алышат, муну менен катар балдардын рухий тарбиясы калыптана баштайт.

Рухий тарбиянын башаты болгон кеп маданияты, адеп тарбиясы, этномаданияты жана эстетикалык тарбиясы жолго коюлат.

Мындагы бүткүл окуу материалдары этномаданият таануучу жана этнопсихологиялык принциптин негизинде берилет. Тактап айтканда, эне тили аркылуу элдин рухун, салт-санаасын, адеп-ахлактык үлгү жүрүм-турум эреже нормаларын үйрөтүү көңүлдүн борборунда болот. Алар элдик накыл кептер, макал-лакап, жорго жана чечен сөздөр, ошондой эле балдардын курактык өзгөчөлүгүнө жараша түрдүү мазмундагы жана тематикадагы топтолгон тексттер менен коштолот.

Тыбыштардын берилиш тартиби тамгалардын жазылыш өзгөчөлүктөрүнө (оңой же татаал) эмес, алардын сөз түзүүчүлүгүнө (сөз түзүүчүлүк принциби) ылайык ырааттуулукта берилет. Тактап айтканда, үндүү, үнсүз тыбыштар айкаштырылып берилип, экинчи сабактан баштап эле балдар жаңы сөз курап окуп, жазууга үйрөнүүгө киришет. Бул учурдагы өздөштүрүү, билүү иш-аракеттери балдардын чөйрөсүнө, тааанып-билүү иш-аракеттеринин жакындан алыска, белгилүүдөн белгисизге деген принциптүү багытка баш ийдирилет.

Окуу ишмердүүлүгү – Алиппе мезгилиндеги аткарылуучу жана андан кийинки мезгилде өркүндөтүлүүчү негизги иш-аракеттердин бири. Ал үйрөнгөн тамгаларды жана тыбыштарды кураштырып кошуп, улап окуп, муундап, андан шар, ачык жана көрктүү, образдуу окуу менен ишке ашырылат.

Адегенде тыбышты артикуляциясына жараша туура окуу, сөздү,

сүйлөмдөрдү андан ары байланыштуу чакан текстти окуу менен улантылат.

Окуучулар окуу ишин гана аткарбастан, сүйлөө ишмердүүлүгүн да жүргүзөт. Себеби бала сөздү, же текстти окуп коюу менен эле чектелбейт. Окуганын бала түшүнүп, андан кийин анын эмне жөнүндө экендигин үстүртөн, кийинки мазмунуна үңүлүп айтып беришет. Окууда тыбыштык талдоо-жыйноо методу колдонулат, анткени балдар бат эле шар, көрктүү окуп кете алышпайт.

**Алиппеден кийинки мезгилде** буга чейин жүзөгө ашырылган иш-аракеттер андан ары улантылуу менен гана чектелбестен, төмөндөгүдөй эки багытта иш аткарылат.

а) окуу жана сөз өстүрүү, анын ичинде баланын байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандыруу;

б) буга чейинки өздөштүрүлгөн фонетикалык-лексикалык жана грамматикалык материалдарды кайталап бекемдөө аркылуу окууга, сүйлөөгө, жазууга машыгуу.

Окуучуларга сунуш кылынуучу тексттердин мазмуну жана тематикасы, жанрлары алардын баланын айлана-чөйрөсүн чагылдырган жана философиялык мүнөздөгү тексттерден тышкары, төмөндөгүдөй багыттарда болушу керек:

1. Окуп, тилин жатыктыруу, кеп маданиятын калыптандыруу жана кебин өстүрүү максатын көздөгөн чакан ыр, аңгеме, жаңылмач, калптар, уламыштар;

2. Окуучунун таанып-билүүсүн, тапкычтыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү түркүн тексттер, табышмактар, ыр, оюндар;

3. Адеп-ыйманга калыптандырууну көздөгөн накыл кептер (макал-лакаптар, учкул сөздөр);

4. Элдик оозеки чыгармалардан (эпостордон) үзүндүлөр ж.б.

Алиппеге чейинки мезгилде, балдар китеп менен иштөөгө көнүктүрүлө баштаганда тыбыштар шарттуу (үндүүлөр кызыл түстөгү, үнсүздөр көк түстөгү) белгилер менен белгиленип айтылуусуна машыктырылат.

Алиппе мезгилинде тамгалар алфавиттеги катарына жараша эмес, сөз түзүү мүмкүнчүлүгүнө ылайык берилет.

Сабаттуулукка үйрөтүү мезгилиндеги сабактар балага билим берүү менен гана чектелбестен, анын тарбия берүүдөгү ролу да өтө зор. Анткени төрт айга жетпеген убакыттын ичинде окуучулар өз эне тилиндеги 36 тамганы бүт таануу менен бирге, «Алиппе» китебиндеги тексттерди муун боюнча окуудан туташ жана шар окууга үйрөнүп чыгышат. Ошону менен бирге, тамгалардын графикалык белгилеринин жазылышын жана алардын бири-бирине кошулуу ыкмаларын жакшы өздөштүрүп, тамгаларды туура жана сулуу жазууга багыт алышат. Бала кат-сабатын ачпай туруп, башка предметтерди (кыргыз тили, окуу, математика ж.б.) өздөштүрө албайт. Баланын сабаты мугалимдин күндөлүк аракетинин натыйжасында гана ачылат. Бул үчүн мугалимде тиешелүү даражада билим, талыкпаган эмгек жана жөндөмдүүлүк болушу керек. Жөндөмдүүлүк дегенибиз сабак берүүнүн түрдүү формадагы чеберчилиги менен байланыштуу. Азыркы учурда башталгыч класстардын мугалимдеринин жалпы психологиялык-педагогикалык даярдыгынын терең жана ар тараптуу болушу эң чоң мааниге ээ. Ал ар бир окуучунун жана бүткүл класстын ишин билгичтик менен байкап, айрым балдардын окуудан кыйналуу себептерин талдай билүүгө, окуучулардын акыл-сезиминин өнүгүү диагностикасынын жөнөкөй методдоруна ээ болуу менен баланын билимди

өздөштүрүүсүнүн жана жалпы өнүгүшүнүн нормалдуу процессин кечеңдеткен себептерин өз убагында аныктай билүүгө тийиш.

Сабаттуулукка үйрөтүү сабактары талдоо-жыйноо методу менен окутулат (тыбыш, муун, сөз, сүйлөм) жана тааныштырылат. Алиппе мезгилиндеги сабактар балдардын кызыгуусун пайда кылып, аларды активдештирүүгө багытталышы керек. Предметке коюлган максат ар бир сабактын өзүндө чечилет. Башкача айтканда, талдоо жана жыйноо көнүгүүлөрү окуучулар тарабынан күнүгө жакшы өздөштүрүлүүгө тийиш. Ар бир жаңы өтүлүүчү тыбышка карата тийиштүү көрсөтмө куралдар, кесме тамгалар, кесме муундар, дидактикалык материалдар жеткиликтүү даярдалышы керек. Ар бир сабакта тыбыштын атын билүү менен гана чектелбестен, ал сабак баланын сүйлөө кебин да, сөз байлыгын да, логикалык ойлоосун да арбытууга, тереңдетүүгө багытталуу зарыл. Мугалим ар бир окуучуну класс алдында эркин сүйлөөгө, мугалимдин суроосуна толук жооп берүүгө, бири баары, баары бирөө үчүн кам көрүүгө, тазалыкты, тартипти сактоого жана адептүү жүрүш-турушка үйрөтүүсү керек. Мына ушул милдеттер ийгиликтүү түрдө иш жүзүнө ашырылганда гана биринчи класстын окуучуларынын кат-сабатын ачуу программалык талапка жооп бермекчи.

Сабаттуулукка үйрөтүү методу аналитика-синтетикалык деп аталат, анткени талдоо-жыйноо процесси ажырагыс байланышта. Мисалга алсак, биз окуганыбызда тамгаларды, муундарды кошуп окуйбуз. Ал эми жазган учурда сүйлөмдү сөздөргө, сөздү муундарга, муунду тамгаларга ажыратабаз (талдоо) жана тамгалардан муун, муундардан сөз түзүп жазабыз (жыйноо). Окуу жана жазуу учурунда талдоо-жыйноо экөө тең катышат, бири экинчисин толуктап турат.

а) Тыбыштык, талдоо-жыйноо көнүгүүлөрүн жүргүзүү «Алиппенин» бетиндеги сүрөттөр ар бир өтүлүүчү тыбышка жараша тартылган, өтүлүүчү тыбыш заттын (сүрөттүн) атын атаганда сөздүн башында да, ортосунда да жана аягында да келүүсү эске алынган. Мындай көнүгүүнү аткаруу үчүн окуучу адегенде сүрөттү атап, ага тиешелүү сөздү табат. Андан кийин ал сөздү муундарга ажыратып, жаңы өтүлүүчү тыбышты бөлүп чыгат (талдоо). Жаңы тыбыштын тамгасы менен муун түзүп, андан сөз курайт да сөздөрдөн сүйлөм түзөт (жыйноо);

б) Сүйлөө кепти жана ойлоону өстүрүү «Алиппеде» өз алдынча ойлоосун өстүрүү үчүн сюжеттүү сүрөттөр, аңгемелер, жомоктор, табышмактар, макал-лакаптар, ырлар жана логикалык көнүгүүлөр сунуш кылынган. Булардан тышкары, «Алиппеде» көнүгүүлөрдүн төмөндөгүдөй түрлөрү да берилген: чекиттин ордуна тиешелүү тамганы коюп окуу, сүрөттөрдүн астындагы сөздөрдүн калтырып кеткен муунун же тамгасын кошуп окуу, таратылып берилүүчү сүрөттүү карточкалардын аттарын жазуу, сүрөткө карата сүйлөм түзүп, аны дептерге жазуу, кыска суроолорго жооп жазуу, кыска ырларды жаттап, ойдон көчүрүп жазуу.

Мамычадагы сөздөрдү окуп өздөштүргөндөн кийин байланыштуу текстти окууга өтөт. Адегенде мугалим окуучулар менен бирдикте окуп чыгуулары тийиш. Үн чыгарып чогуу окууда балдар ар бир сөздү канча муундан тургандыгын жана үндүн кандай чыгарын байкап калышат. Андан кийин ар бир баланын күчүнө жараша сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окутат. Түшүнгөндөрүн сүйлөтөт.

Алиппенин бетиндеги тексттер менен иштөөдө мугалим жай, суроолуу, илептүү жана бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн, каратма сөздүн кандай окулушун көрсөтүү менен бирге, алардын ар бирин окуганда үндүн басыңкы же көтөрүңкү

чыгышы практика жүзүндө үйрөтүлүп олтурушу талап кылынат:

**Адабияттар:**

1. Головин Б. Н. Основы культуры речи. -М., 1998.
2. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. -Б., 1993.
3. Винокур Г.О. Из бесед о культуре речь. -М., 1967.
4. Мусаева В. И. Баяндама үчүн тексттер жыйнагы жана анын методикасы. −Б., 1996.
5. Дүйшеев Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы. - Ф., 1988.
6. Кыргыз тилин окутунун методикасы. −Ф., 1967.